# ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## БУЙРУК №88

**Жалал-Абад шаары** **2018-жыл 30-март**

***Илимий даража алгандарды сыйлоо жёнщндё***

2017-жылдын 28-декабрындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген жыйынынын №5 – протоколу менен кабыл алынган төмөнкү чечим бекитилсин:

1. ЖАМУда илимий изилдөө иштеринин деңгээлин көтөрүү жана илимий иштерди коргогон изденүүчүлөргө материалдык колдоо көрсөтүү максатында илимий диссертациялары корголуп жана бекитилгендиги үчүн:
   - илимдин кандидаты диссертациясына - 20000 (жыйырма миң) сом,
   - илимдин докторлугу диссертациясына - 30000 (отуз миң) сом бир жолу атайын каражаттын эсебинен төлөнүп берилсин.
2. Сыйлык 2018-жылдын январь айынан баштап корголгон диссертациялар үчүн белгиленсин жана сыйлоо диссертациялар бекитилгенден кийин жүргүзүлсүн.

**Негизи:** окумуштуу катчы Р.С.Нусупованын билдирщщсщ, ректордун чечими.

**ЖАМУнун ректору:** **К. Ж. Усенов**

**КБнын башчысы:** **Б. Т. Осмонова**

**УИББнын башчысы:** **А.Т. Акматова**

Атк. КБнын улук инспектору Р.М.Аданбаева

# мсЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## БУЙРУК №361

**Жалал-Абад шаары** **2019-жыл 18-ноябрь**

2019-жылдын 11-ноябрындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин №3-протоколу менен кабыл алынган төмөнкү чечими бекитилсин.

Жаш илимпоздордун илим изилдөө иштерин стимулдаштыруу жана окумуштуулук даражаларга ээ болгон окутуучу-профессордук курамдын илимдеги жетишкендиктерин жана ордун баалоо максатында 2019-жылдын 1-ноябрынан ЖАМУнуҥ атайын каражатынын эсебинен илимдин кандидаты окумуштуулук даражага ээ болгон окутуучуларга жана жетекчилерге ай сайын 6000 (алты миң) сомдон, илимдин доктору окумуштуулук даражага ээ болгон окутуучу жана жетекчилерге ай сайын 10000 (он миң) сомдон кошумча акы төлөнүп берилсин.

***Негизи:*** Окумуштуу катчынын билдирщщсщ, ректордун резолюциясы.

**ЖАМУнун ректору:** **К. Ж. Усенов**

**КБнын башчысы:** **Б. Т. Осмонова**

**УИБ башчысы:** **А.Т. Акматова**

Атк. КБнын инспектору А.Жамашева

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

# БУЙРУК №203

**2020-жыл 5-декабрь** **Жалал-Абад шаары**

2020-жылдын 4-декабрындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 3-протоколу менен кабыл алынган төмөнкү чечими бекитилсин:

Кыргыз Республикасынын 2003-жылынын 30-апрелиндеги №92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын ***Билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби*** жөнүндө "***Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү мамлекеттик билим берүү уюмдары өздөрүнүн каражаттарын пайдалануунун багытын жана тартибин, анын ичинде билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөгө жана материалдык жактан стимулдаштырууга багытталган үлүштү көзөмөлчүлүк кылуу кеңешинин макулдугу менен өз алдынча аныктайт" деген*** 44-беренесине ылайык, ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2020-жылдын 2-декабрындагы №3-протоколу менен кабыл алынган чечиминин негизинде жана ЖАМУнун 2020-жылга карата бекитилген бюджеттен сырткаркы атайын каражаттардын кирешелеринин сметасынын негизинде университеттин каржылык мүмкүнчүлүгүнө жараша атайын каражаттын эсебинен:

1. Атайын каражаттын эсебинен ЖАМУда бир жылдан кем эмес иштеп келе жаткан (2019-жылдын 31-декабрына чейин жумушка кабыл алынгандар) профессордук-окутуучулук курамына, административдик башкаруу кызматкерлерине, окуу-көмөкчү кызматкерлерине, техникалык жактан тейлөө кызматкерлерине жана кичи-көмөкчү кызматкерлерине (ПОК, АБК, ОКК, ТТК, ККК), кош бойлуулугу жана бала багуу боюнча өргүүдөн келген кызматкерлерге бир айлык өлчөмүндө сый акы төлөнсүн.
2. Ар түрдүү (прочие) кирешелердин эсебинен НААРдын рейтинги боюнча ЖАМУнун профессорлук –окутуучулук курамынан өзгөчө ийгиликтерди жараткан кызматкерлерине жана ийгиликтерге жетишкен негизги билим берүү программаларына төмөндөгүдөй тартипте сый акы (премияльный) берилсин:

- 2-орун алган программалар-5000 (беш миң) сомдон;
- 3-орун алган программалар -3000(үч мин) сомдон;
- Эн көп тышкы мобилдүүктү камсыз кылган Конфуций институту – 3000 сом;
- НААРдын рейтигине катышууда жана ЖАМУнун НААР тарабынын жүргүзүлгөн аккредитациясынан өтүүдөгү жасаган эмгектерин эске алуу менен Сапат бөлүмү – 3000 (үч мин) сом менен сыйлансын.

3. НААРдын рейтингинде белгиленген мыкты 30 окутуучунун ичине кирген (ТОП 30) 11 окутуучу төмөндөгүдөй тартипте сыйлансын:

- 500 баллга чейин алган окутуучуларга -5000(беш мин) сом;
- 501-700 баллга чейин-7000 (жети мин) сом ;
- 701-1000 баллга чейин – 10000 (он мин) сом;
- 1001-1500 баллга чейин 15000 (он беш мин) сом;

4. ЖАМУнун 2021-жылга карата пландаштырылган бюджеттен сырткары кирешелеринин сметасынын долбоорунун негизинде атайын каражаттын эсебинен 2021-жылдын 01-январынан тартып, ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамы, административдик башкаруу кызматкерлери, окуу-көмөкчү кызматкерлери, техникалык жактан тейлөө кызматкерлери жана кичи-көмөкчү кызматкерлеринин (ПОК, АБК, ОКК,

ТТК, ККК) эмгек акысынын негизги бөлүгүнүн (оклад) эсебинен 30% же болбосо эмгек акысынын негизги бөлүгүнүн (оклад) эсебинен буга чейинки төлөнүп келе жаткан 140% дын үстүнө 30% кошулуп, жалпы 170% га, ал эми техникалык жактан тейлөө кызматкерлери (ТТК), жана кичи-көмөкчү (ККК) кызматкерлеринин эмгек акыларынын негизги бөлүгүнүн (оклад) эсебинде буга чейинки 90%дын үстүнө 30% эмгек акы кошуу менен 120% га көтөрүлсүн.

(Эскертүү: эмгек акыларды көтөрүү боюнча 28.08.2008 ОК, прот. №1-30%, 08.02.2016, ОК, прот№4-30%, 30.01.2017, ОК, прот.№4-50%, 11.11.2019, ОК, прот.№3-30%, АУП, УВП, ТОП-80% каралган).

5. Атайын каражаттын эсебинен илимдин докторлоруна буга чейинки төлөнүп жаткан 10000 сом өлчөмдөгү кошумчанын үстүнө 5000 сомдон кошуп 15000 сомдон жана илимдин кандидаттарынын буга чейинки төлөнүп жаткан 6000 сом өлчөмдүндөгү кошумчасынын үстүнө 4000 сомдон кошуп 10000 сомдон кошумча эмгек акы төлөнсүн.

**Негизи**: окумуштуу катчы Р.Нусупованын билдирүүсү, ректордун резолюциясы.

**ЖАМУнун ректору** **К.Ж.Усенов**

**КБнын башчысы:** **Б.Т. Осмонова**

**УИБ башчысы:** **А.Т. Акматова**

Көчүрмөсү анык: ________________